Айдыңы арткан – "Алтынкен"





# «Алтынкен» компаниясынын айлана-чөйрөнү коргоого кошкон салымы



**2025-жылдын 30-апрелинде «Алтынкен» компаниясы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан жарыяланган калктуу конуштарды жана ага чектеш аймактарды жашылдандыруу, көркөндүрүү боюнча үч айлыктын алкагында Орловка шаарынын мэриясы менен биргеликте 22-апрель – Эл аралык Күн – Жер күнүнө жана 1-май Эмгекчилердин тилектештигинин урматына карата ишембилик өткөрдү.**



**Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА, "Кыргыз Туусу"**

Ишкананын өндүрүш объектилери Талды-Булак жана Чым-Булак капчыгайларында жайгашкандыктан, ишембиликтин уюштуруучулары – ишкананын экологиялык кызматы иш-чаранын катышуучуларын үч топко бөлүүнү чечти.

Биринчи топ Орловка шаарынын аркасынан экинчи топту көздөй, ал эми Талды-Булак жана Чым-Булак өткөрмө бекеттеринен чыккан топтор эки капчыгайды бириктирген кесилишке чейинки жолдордун жана дарыялардын жээктерин тазалашат.

Аймактарды тазалоо иштерин баштоонун алдында бардык топторго жолдордо жана жаратылышта коопсуздук боюнча түшүндүрүү иштери жана окуулар өткөрүлдү.



Анда бейтааныш жерлерди тазалоодо пайда болушу мүмкүн болгон коркунучтар алдын ала эскертилди.

Ишембиликке компаниянын 100дөн ашык кызматкерлери, ишкананын жетекчилери менен биргеликте башкармалыктын төрагасынын орун басары Азамат Алиев, Ван Цанмин жана Марат Токтобаев башында турган командалар үч топко бөлүнүштү. Алар менен биргеликте Орловка шаардык мэриясынын кызматкерлери жана мэр Аман Койшыбаев бара турган жерлерине карай жыла баштады.

Жол жээктерин жана дарыя жээктерин 4 саат бою активдүү тазалоонун натыйжасында 3 тоннадан ашык таштанды чогулуп, Орловка полигонуна ташылды.

Айлана-чөйрөнү жакшыртууга кызматкерлерди тартуу, ошондой эле жергиликтүү калк менен биргеликте ишембилик өткөрүү бул иш-чаранын аткарылган милдеттеринин бири болуп калды.

Тазалоо иштери аяктаган соң уюштуруучулар компаниянын кызматкерлери жана Орловка шаардык мэриясы үчүн даамдуу тамак-аш жана суусундуктарды тартуулашты.

Ошондой эле экологиялык иш-чаранын катышуучуларына компаниянын логотиби жана экологиялык маанидеги жазуулары бар баш кийим, футболкалар, рюкзактар, сумкалар берилди.

Белгилей кетсек, "Алтынкен" компаниясы өзүнүн аймагын жашылдандыруу жана көркөндүрүү иштерине активдүү катышып, Кемин районунун муниципалитеттерине да жакындан жардам көрсөтүп келет.

Алсак, Кемин районуна караштуу Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнүн "Бишкек – Нарын – Торугарт" Эл аралык автожолун көркөндүрүү максатында аткарылган иштерге финансылык жардам көрсөтүлдү.

Демек, жогоруда айтылган Эл аралык жолго карагайларды отургузууда «Алтынкен» компаниясынын да тиешеси бар. Ал эми ишембилик өткөн күнү ишкананын грейдери Орловка шаарындагы БСРге (сугат суусун сактоочу резервуар – суткалык жөнгө салуу бассейни) баруучу жолду тегиздеди.

«Алтынкен» компаниясы мындан ары да айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасап, тиешелүү аймактарды көркөндүрүү жана жашылдандыруу боюнча жергиликтүү калк менен биргеликте иш алып барууга даяр.


